| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА** |

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XII сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

№ 12/2

2023-жылдын 19-апрели, Ылай-Талаа айылы.

**Айыл аймагындагы жашаган калктын малдарын жугуштуу ооруларга каршы эмдөө жана жалпы эпизоотиялык абалды көзөмөлгө алуу боюнча айыл өкмөтүнүн, ветеринардык сервистердин 2022-жылы жүргүзгөн иштеринин абалы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Ветеринария жөнүндө» жана "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктуна, айылдык Кеңештин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна ылайык айыл аймагындагы жашаган калктын малдарын жугуштуу ооруларга каршы эмдөө жана жалпы эпизоотиялык абалды көзөмөлгө алуу боюнча айыл өкмөтүнүн, ветеринардык сервистердин 2022-жылы жүргүзгөн иштеринин абалы жөнүндө Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн мал чарбасы, ветеринария боюнча башкы адиси Т.Ташматовдун маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагындагы жашаган калктын малдарын жугуштуу ооруларга каршы эмдөө жана жалпы эпизоотиялык абалды көзөмөлгө алуу боюнча айыл өкмөтүнүн, ветеринардык сервистердин 2022-жылы жүргүзгөн иштери айрым кемчилдиктери менен канааттандырарлык деп белгиленсин.

2. Ылай-Талаа айыл аймагынын калкынын мал-жандыктарын сапаттуу вакцина менен эмдөө, кетирилген кемчиликтерди четтетүү жана малдан адамга жугуучу, малдардын арасында жугуштуу оорулардын тарапкетпешине дайыма көзөмөл жүргүзүү, жолбун иттерди жок кылуу, кара малдарды идентификациялоо, жылкыларга чип басуу боюнча иштерди аягына чыгаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго жана мал чарбасы, ветеринария боюнча башкы адиси Т.Ташматовго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы М.Исабаев) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Кадамбаева**